DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2020

*Курманалиева А.О., Жороев А.К.*

# АРАЛЫКТАН БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЫКМАЛАРЫ ЖАНА РЕСУРСТАРЫ

*Курманалиева А.О., Жороев А.К.*

# МЕТОДЫ И РЕСУРСЫ ДИСТАНЦИОННОГО ОБРАЗОВАНИЯ

*A.O. Kurmanalieva, A.K. Joroev*

# METHODS AND RESOURCES OF DISTANCE EDUCATION

*УДК: 378.06:7(574)*

*Макалада аралыктан билим берүүнүн артыкчылыктары, ыкмалары жана ресурстары каралган. Аралыктан окутуу менен электрондук окутуунун айырмасына кенен көңүл бурулган. Синхрондук жана асинхрондук окутуу ыкмаларды колдонуу жана бул ыкмалардын колдонуудагы ыңгайлуу учурлары көрсөтүлгөн. Онлайн-сабактарды алгач уюштурууда ырааттуулукту даярдоо менен сабактын жүрүшүн эффективдүү алып барса боло турганы айтылды. Тесттер жана кайтарым байланышты уюштуруу жана колдонуу ресурстарына, «Гибриддик», «аралашкан үйрөнүү» же «флип класс» түшүнүктөрүнө кенен токтолуу менен көргөзүлдү. Ошондой эле аралыктан билим берүүдө колдонулуучу ресурстар - онлайн-коммуникацияны уюштуруу үчүн акысыз ресурстар, топтук долбоорлор үчүн ресурстар, онлайн-курс жаратуу үчүн ресурстар, вебинар уюштуруу үчүн акысыз ресурстар, тесттер жана кайтарым байланыштар үчүн ресурстар, COVID-19 дан улам акысыз болгон онлайн-курстарды сунуштоо белгиленген.*

***Негизги сөздөр:*** *билим берүү, аралыктан окутуу, электрондук окутуу, синхрондук окутуу, асинхрондук окутуу, ыкмалар, ресурстар.*

*В статье рассматриваются преимущества, методы и ресурсы дистанционного образования. Основное внимание было уделено различию дистанционного обучения и электронного обучения. Показаны случаи применения методов синхронного и асинхронного обучения и удобства применения этих методов. Было отмечено, что при первоначальной организации Онлайн-уроков можно было эффективно вести курс, подготовив последовательность урока. Тесты и обратная связь широко представлены в ресурсах организации и использования, понятиях «гибридный», «смешанное обучение» или «флип класс». Также предусмотрены ресурсы, используемые в дистанционном образовании - бесплатные ресурсы для организации онлайн-коммуникации, ресурсы для групповых проектов, ресурсы для создания онлайн-курса, бесплатные ресурсы для организации вебинара, ресуры для тестов и обратной связи и бесплатные онлайн-курсы по случаю COVID-19.*

***Ключевые слово:*** *образование, дистанционное обучение, электронное обучение, синхронное обучение, асинхронное обучение, методы, ресурсы.*

*The article discusses the advantages, methods and resources of distance education. The main attention was paid to the difference between distance learning and e-learning. The cases of using synchronous and asynchronous learning methods and the convenience of using these methods are shown. Tests and feedback are widely represented in the organization and usage resources, the concepts of "hybrid", "mixed learning" or "flip class". It was noted that in the initial organization of Online lessons, it was possible to effectively conduct the course by preparing the lesson sequence. There are also resources used in distance education - free resources for organizing online communication, resources for group projects, resources for creating an online course, free resources for organizing a webinar, resources for tests and feedback, and free online courses on the occasion of COVID-19.*

***Key words:*** *education, distance learning, e-learning, Synchronous learning, asynchronous learning, methods, resources.*

Атай кетсек, 8-январь күнү президент Сооронбай Жээнбеков 2020-жылды "Аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылы" деп жарыялоо боюнча Жарлыкка кол койгон. Анда, Кыргызстан келечекте инновацияларга жана билимге таянган, өнүккөн маалыматтык коому бар өлкө болушу шарт деп белгиленген. Азыркы кырдаал бул жарлыктын өзөгүн түзүп турат. Акыркы эки жылда региондорду өнүктүрүү үчүн негизги пай дубалы болгон санариптештирүүнүн алкагында муниципиалдык кызмат көрсөтүлгөн жеткиликтүү масштабдуу иштер жүргүзүлүп келген. Өлкөнүн аймактарын өнүктүрүү боюнча мамлекеттик саясат ата мекендик экономиканы өнүктүрүүгө багытталган чаралардын комплексин камтыйт. Ошондой эле биздин өлкөнү санариптештирүү боюнча ар кыл жакшы иштер жүрүп жатат. Анын арасында мына бугүнкү күндө баарыңыздарга маа-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



лым мектепте, жогорку окуу жайларда бала бакчаларда, орто окуу жайларда онлайн сабак өтүү жүрүп жатат. Онлайн окутуу деген бул интернет аркылуу компьютердин жардамында реалдуу убакытта түзмө түз окутуу болуп саналат.

Чындыгында электрондук окутуунун артыкчылыктары арбын. Мисалы күндө колдонуп жүргөн персоналдык компьютерди, мобилдик телефонду, DVD-ойноткучту, телевизорду ж.б. колдонуп, электрондук материалдар менен өз алдынча иштөөнү; аймактык жактан алыстагы эксперттен (окутуучудан) консультация, кеңеш алууну; жалпы виртуалдык окуу ишкердигин жүргүзүүчү социалдык тармактарды колдонуучулардын жамаатын түзүүнү; электрондук окуу материалдарын күнү-түнү тынымсыз жеткирүүнү опоңой ишке ашырса болот. Электрондук окутууну жер шарынын кайсыл жеринен болбосун, каалаган убакытта, каалаган аймактан колдонуу көп чыгымды, ашкере убакытты талап кылбайт. Ал баарына жеткиликтүү.

Айрым адамдар аралыктан окутуу менен электрондук окутуунун айырмасын так ажырата алышпай келет. Электрондук окутуу – бул азыркы заманбап маалымат технологияларына түздөн-түз байланышкан окутуу болуп саналат. Аралыктан окутууда болсо, билим алуучу менен окутуучу ар кайсы шаарларда, аймактарда жайгашышы мүмкүн. Эгерде окутуучу билим алуучуга тапшырмаларды почта аркылуу жөнөтсө да, анын аракети аралыктан окутууга кирет. Электрондук окутууда болсо, электрондук массалык маалымат каражаттарынан пайдалануу интернет аркылуу жүргүзүлөт,

Аралыктан окутууда синхрондук жана асинхрондук окутуу ыкмалары колдонулат:

**Синхрондук «жандуу» окутуу ыкмалары:**

- Видео-конференция аркылуу лекция, дискуссия, студенттердин презентациялары. Бул ыкма студенттердин мугалимге суроо берүүсүнө да мүмкүнчүлүк түзөт. Студенттер менен экраныңызды ой бөлүшсөңүз болот. Мисалы адабият мугалими Power Point презентациясын бөлүшсө, ал эми математика мугалими «ак тактайды» бөлүшүп ага формулаларды жана мисалдарды жазса болот.

**Асинхрондук окутуу ыкмалары:**

- Көрсөтмө видеолор, Power Point слайддарыңызды жасап жатып да түшүндүргөнчө сүйлөп түздөн-түз үн жаздырсаңыз болот. Бул сиздин презентациясыңызды видео-сабакка айлантат жана студенттериңиз Power Point та эле түздөн-түз көрө алышат.

**Онлайн-сабактарды уюштурууда төмөндөгүдөй ырааттуулукта даярдык көрүп алсак сабактын жүрүшү эффективдүү болот:**


- Алгач студенттериңиз үчүн онлайн-сабактар боюнча чакан колдонмо усулун даярдап алар менен бөлүшүңүз. Бул колдонмо виртуалдык класска студенттердин кантип кирээрин, онлайн-сабак учурунда жүрүм-турум эрежелерин камтыйт.
- Эгер алгачкы онлайн-сабагыңыз ойдогудай ишке ашпаса, кабатыр болбоңуз. Бул табигый нерсе. Биринчи сабакта студенттериңизге онлайн-сабактан эмне күтсө болоорун айтып бериңиз.
- Студенттериңизден алгач сизди угуп же укпай жаткандыгын сураңыз. Үн байланышын текшерүү. Эгер кээ бир студенттер сизди укпай жатса демек микрофону иштебей жатат. Мындай учурда чат бөлмөсүн колдонуп байланышсаңыз болот.

**Онлайн-сабак өтүү ыкмалары**

- Окутуу процессинде сиз ар дайым борбордо болууга тийиштүү эмессиз. Студенттер бири-биринен да талкуулоо жана чогуу иштөө аркылуу көп нерсе үйрөнүшөт. Студенттериңизге **Flipgrid** ди колдонуу менен мээге чабуул жасоосуна мүмкүнчүлүк бериңиз. Бул студенттердин «үнүн» (ой-пикирин) укканга шарт түзөт.
- Ошондой эле студенттериңиздин **OneNote** ту колдонуу менен мээге чабуул жасоосун шарттаңыз. Студенттердин чогуу дилбаян жазуусу үчүн ар бир топ үчүн орток документ түзүңүз.
- Студенттерге экстперттерден онлайн-интервью алуу тапшырмасын берсеңиз да болот. Изилдөө усулдары сабагы үчүн онлайн-сурамжылоо же онлайн фокус-группа же тереңдетилген онлайн-интервью алуу тапшырмаларын да берсеңиз болот.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2020




• Эгер студенттерге жазылуу форматта (дилбаян жазуу) тапшырма аткаруусун талап кылсаңыз, анда **Word Online** ды колдонуу менен же «чат бөлмөсүн» колдонуу аркылуу бири-биринин дилбаяндарын баалоосун жана комментарий берүүсүн уюш-турунуз. Алар бири-биринин дилбаяндарынын грамматикалык каталарын оңдоо аркылуу да көп нерсе үйрүнүт. Андан соң мугалим катары сиз да бир сыйра көз жүгүртүп текшересиз жана комментарий бересиз.

• Студенттериңиздин **Sway** ди колдонуп ой-жүгүртүүсүн камсыздаңыз. Ой-жүгүртүү фактыларды эске тутууга жардам берет.

• Бардык ЖОЖдордун онлайн-сабак өтүү ыкмалары ар түрдүү. Баарына бир ыкма туура келбейт. Ошондуктан бир гана сиз өзүңүз тажрыйба топтогон сайын каталарыңыздан сабак алып жекече сиздин сабагыңызга туура келген ыкманы акыры табасыз.

• Онлайн-форум, вебинар уюштуруп конок лекторлорду да чакырсаңыз болот.

• **Tableu, Infogram** сыяктуу карта жана визуалдык контент даярдоо ресурстарын колдонуу менен студенттер жеке долбоордорун даярдап перезентация жасашса болот.

**Тесттер жана кайтарым байланыш**

• Тесттер студенттердин үйрөнүүсүн баалаган маанилүү каражат.

• **OfficeForm** же **GoogleDoc** ту колдонуп студенттериңизге анонимдик кайтарым байланыш сунуштоосуна мүмкүнчүлүк жаратыңыз. Бул сизге окуу программаңыздын жана окутуу усулдарыңыздын жана колдонгон технологияларыңыздын натыйжалуулугун өлчөгө жардам берет.

• Студенттер презентацияларын же топтук-иштерин видео-конференция аркылуу сунум жасаса болот жана суроо-жооп уюштурсаңыз болот.

• Финалдык долбоорлорун жактоого сырттан да эксперттерди чакырсаңыз болот.

**«Гибриддик», «аралашкан үйрөнүү» же «флип класс» түшүнүктөрү**

• Мугалимдер студенттерге (окуучуларга) электрондук почта, уюлдук телефон, текст же экөөнө тең ыңгайлуу болгон ар түрдүү байланыш каражаты аркылуу кыска, жандуу видео жолугушуулар жана өз алдынча башкарылуучу иш-чаранын жыйымы.

• Microsoft Teams, Zoom, Google Meets же Hangouts Meet ди колдонуп күнүгө эртең менен саат 08.30да «эртең мененки жолугушуу» видео-конференциясын (окуучулар да бири-бири менен баарлаша ала турган) уюштуруу жана окуучуларга күнүмдүк аткарылуучу тапшырманы берүү

• Андан соң, мугалим саат 9.00 дөн 11.00 гө чейин «виртуалдык офистик убакыт» үчүн ата-энелердин суроолоруна жооп берүүгө же аларга көмөктөшүү үчүн онлайн болуусу керек


• Ата-энелер ошондой эле күн бою ClassDojo аркылуу мугалим менен байланышта болсо болот.


**Microsoft Teams** https://products.office.com/en-us/microsoft-teams/group-chat-software


**ClassDojo**www.classdojo.com

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557





DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Долбоордук иш жана окутуунун персоналдык траекториясы менен окуу программасынын бир бөлүгүн же факультативдик модулдарды студенттерге онлайн долбоордук топтук иштер аркылуу окутууга болот.

**Топтук долбоорлор үчүн ресуртар:**

- Miro
- Trello – www.trello.com
- Asana – www.asana.com
- Google Drive, Yandex Диск
- Pyrus – www.pyrus.com
- www.kahoot.com
- www.education.minecraft.net

**Онлайн-коммуникацияны уюштуруу үчүн акысыз ресурстар**

- Whatsapp
- Telegram
- Slack
- Microsoft Teams
- Zulip

**E-course (электрондук курс) Moodle**

**E-course (электрондук курс) үчүн ресусртар**

- Moodle
- Open Edx
- Canvas
- Google Classroom

**Онлайн-курс жаратуу үчүн ресурстар**


- Stepic
- Eduardo
- Teachbase
- DreamStudy
- GetCourse
- OpenProfession

**COVID-19 дан улам акысыз болгон онлайн-курстар**

- Открытое образование – www.opened.ru (504 курс)
- www.geekbrains.ru
- Coursera.org (3900+курс, 190+ЖОЖдун курстары)
- Нетология – www.netology.ru
- Енано – www.edunano.ru
- Фонд развития онлайн образования – www. eldf. ru (102 курс)
- www.openprofession.ru
- www.lektorium.tv (5000+видео-лекциялар, 100 курс)
- Открытый Лекторий Университета 2035 – www. lectoriy. 2035.university
- МГУ – www.distant.msu.ru
- Арзамас – www.arzamas.academy

Илим Элим - www.ilimelim.kg (20+ курс)

Илим Элим ЖОЖдор үчүн кыргызча акысыз видео лекциялар Youtube каналда




**Вебинар уюштуруу үчүн акысыз ресурстар**

- ClickMeeting – 25 катышуучу үчүн 30 күнгө чейин акысыз
- MyOwnConference – 20 катышуучу үчүн акысыз
- ZOOM – 100 катышуучу үчүн акысыз
- Meet.jit.si – 100 катышуучу үчүн акысыз
- CiscoWebex Meetings - акысыз колдонсо болот.

**Panopto лекция жаздыруу платформасы**
**https://www.panopto.com/panopto-for-education/**

**Адабияттар:**

1. Электрондук окутуунун артыкчылыктары. Кут билим. Коомдук-педагогикалык жана илимий-популярдуу газета: - Б.: 2018-03-02.